**5.7 Негизги кесиптик билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрү үчүн эмгек рыногунун талдоосу жана муктаждыктары**

**060113 «Физикалык терапия»** адистиги боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик **ишмердүүлүгүнүн багыттарына** төмөнкүлөр кирет:

- саламаттык сактоо – жеке адамдын, калктын саламаттыгын сактоо, чыңдоо жана камсыз кылуу, медицинадагы квалификациялуу реаблитациялык медайымдык жардам көрсөтүү аркылуу бейтаптардын жашоо сапатын жакшыртуу, дарыгерге чейинки реаблитациялык ишин уюштуруу.
- социалдык кызматтар – медицина мекемелердеги физиотерапия бөлүмүндө, реабилитациялык борборлордо, санаторияларда, курорттордо, пансионаттарда дарыгерге чейинки реаблитациялык жардам көрсөтүү аркылуу бейтаптардын жашоо сапатын жакшыртуу.

**060113 «Физикалык терапия»** адистиги боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик **ишмердүүлүгүнүн объекттери** болуп төмөнкүлөр саналат**:**

- жеке, үй-бүлө, калк;
- саламаттыкты сактоо мекемелери;
- ден-соолукту сактоо үчүн шарттарды түзүүгө, профилактиканы, медайымдык реаблитациялык жардамды жана көзөмөлдү камсыздоого багытталган каражаттардын жана технологиялардын комплекси (материалдык ресурстарды башкаруу, документ жүгүртүү).

**060113– «Физикалык терапия»** адистиги боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрү **«Физикалык терапевттин жардамчысы»** квалификациясын ыйгаруу менен окуу тармагында даярдала турган **кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрү:**

- дени сак калктын, бейтаптардын ден соолугун чыңдоо, оорулардын алдын алуу жана алардын үй-бүлөлөрүн окутуу, кеңеш берүү;
- медициналык реабилитацияда медайымдык жардам көрсөтүү;
- медициналык реабилитация профилинде бейтаптарга дарыгерге чейинки адистештирилген медициналык жардам көрсөтүү;